УДК 378.02:372.8
DOI 10.33514/BK-1694-7711-2023-1(2)-153-157

**Умарбекова Анара Анарбаевна, Тажибаева Гүлзаада Дүйшенбековна**
Талас мамлекеттик университети, педагогика илимдеринин кандидаты, доцент
Талас мамлекеттик университети, окутуучу
**Умарбекова Анара Анарбаевна, Тажибаева Гүлзаада Дүйшенбековна**
Таласский государственный университет, кандидат педагогических наук, доцент
Таласский государственный университет, преподаватель
**Umarbekova Anara Anarbaevna, Tazhibaeva Gulzaada Duishenbekovna**
Talas State University, Candidate of pedagogicai sciences, associate professor
Talas State University, teacher

# БАШТАЛГЫЧ КЛАССТЫН МУГАЛИМДЕРИН КЕСИПКЕ ДАЯРДООДОГУ КӨЙГӨЙЛӨР ЖАНА АНЫ ЧЕЧҮҮНҮН ЖОЛДОРУ
# ПРОБЛЕМЫ ПРОФЕССИОНАЛЬНОЙ ПОДГОТОВКИ УЧИТЕЛЕЙ НАЧАЛЬНЫХ КЛАССОВ И ПУТИ ИХ РЕШЕНИЯ
# PROBLEMS OF PROFESSIONAL TRAINING OF PIMARY SCHOOL TEACHERS AND THE WAYS OF THEIR SOLUTION

**Кыскача мүнөздөмө.** Макалада башталгыч класстын мугалимдерин даярдоонун максаттары жана аны ишке ашыруунун жолдору каралды. Алдыдагы максаттардын ишке ашырылышы педагогикалык кадрларды даярдоо системасында билим берүүнүн мазмунун, окутуу процесси жана аны уюштуруунун формаларын, методдорун жаңыча уюштуруу проблемасынын чечилүүсүнө көз каранды. ЖОЖдо келечекте даярдалып жаткан башталгыч класстын мугалимдери адистигинде окулуп жаткан дисциплиналардын ортосундагы байланыш кесиптик –педагогикалык багытта жүргүзүлүшү керек. Башталгыч класстын мугалимдерин кесипке багыттоонун маанилүү жолу мектептин инновациялык иш аракеттерине теориялык жана практикалык жактан даярдап, чыгармачыл жекече стилди өнүктүрүү. Кесипке даярдоодо студенттердин өз алдынча окуу көндүмдөрүн калыптандыруу менен практикага багыттап окутуу иши окутууну модернизациялоону ишке ашырат.

**Аннотация.** В статье рассмотрены цели подготовки учителей начальных классов и пути их реализации. Реализация поставленных целей зависит от решения проблемы новой организации содержания образования, процесса обучения и форм, методов его организации в системе подготовки педагогических кадров. Связь между дисциплинами, изучаемыми по специальности учителей начальных классов, готовящихся в вузе в будущем, должна осуществляться в профессионально –педагогическом направлении. Важный способ профориентации учителей начальной школы-это теоретическая и практическая подготовка к инновационной деятельности школы и развитие творческого индивидуального стиля. Практико-ориентированная учебная работа с формированием у студентов навыков самостоятельного обучения при подготовке к профессии осуществляет модернизацию обучения.

**Abstract.** The article discusses the goals of primary school teacher training and ways to implement them. The realization of the set goals depends on solving the problem of a new organization of the content of education, the learning process and the forms and methods of its

organization in the system of teacher training. The connection between the disciplines studied in the specialty of primary school teachers preparing at the university in the future should be carried out in a professional and pedagogical direction. Another important way of career guidance for primary school teachers is theoretical and practical preparation for innovative school activities and the development of creative individual style.Practice-oriented educational work with the formation of students' self-study skills in preparation for the profession carries out the modernization of training.

**Негизги сөздөр:** инновация, окутуу процессин жаңыча уюштуруунун формалары жана методдору, өз алдынча окуу көндүмдөрүн калыптандыруу, практикага багыттап даярдоо, дифференцияланган жана интеграцияланган окутуу, окутуунун стратегиялары.

**Ключевые слова:** инновации, новые формы и методы организации учебного процесса, формирование навыков самостоятельного обучения,практико-ориентированная подготовка, дифференцированное и интегрированное обучение, стратегии обучения.

**Keywords:** innovations, new forms and methods of organizing the educational process, the formation of independent learning skills, practice-oriented training, differentiated and integrated learning, learning strategies**.**

**Киришүү.** "Азыркы коомдун кесипкөй, компетенттүү жана атаандаштыкка жөндөмдүү адистерин даярдоо" миссиясы болочоктогу башталгыч класстын мугалимдерин кесипке даярдоонун бир катар максаттарын ишке ашыруу менен шартталат. Алар төмөнкүлөр:

- Тез өзгөрүп жаткан дүйнөдө үзгүлтүксүз компетенттүүлүккө багытталган билим берүүнүн кесиптик маселелерин чечүүгө жөндөмдүү мугалимдерди даярдоо.
- Заманбап,окутуунун инновациялык технологияларын окуу процессинде колдонууда креативдүү ой жүгүртүүнү өнүктүрүү.
- Студенттердин инсандык сапаттарын өнүктүрүүдө нарктуу баалуулуктарды, атуулдук милдеттерди, нравалык жүрүм-турумдун нормаларын үзгүлтүксүз билим берүү аркылуу жана өзүн-өзү тарбиялоонун алкагында өз кесибин өркүндөтүүгө умтулуусун уюштуруу.
- Бүтүрүүчүлөрдү билим берүү, социалдык жана илимий чөйрөдө өзүн-өзү өнүктүрүүгө, келечекте билим берүүнүн траекториясын ишке ашырууга даярдоо.

Алдыдагы максаттардын ишке ашырылышы педагогикалык кадрларды даярдоо системасында билим берүүнүн мазмунун, окутуу процесси жана аны уюштуруунун формаларын, методдорун жаңыча уюштуруу проблемасынын чечилүүсүнө көз каранды. Тилекке каршы, педагогикалык кадрларды даярдоо системасында азыркы учурдагы билим берүүнүн объективдүү тенденциялары эске алынбай келет. Анын негизги себеби, башталгыч класстын мугалимдерин даярдоонун жаңы максаттары, жаңы структурасы менен студенттер менен иш алып баруунун салттуу форма жана методдорунун ортосундагы байланыштын жоктугу. Учурда педагогикалык кадрларды даярдоо үчүн жаңы идея, инновация, изилдөөлөрдү талап кылган технологияларды колдонуу, ал үчүн профессордук-окутуучулар жамаатынын квалификациясын жогорулатуу милдети алдыда турат.

**Изилдөөнүн каражаттары жана ыкмалары.** Жогорку билим берүүнү жаңыртуу идеяларынын бири окутуу процессин уюштуруунун жаңы формаларына өтүү болуп саналат. Практикада жогорку билим берүүдөгү окутуу окуу тайпаларында лекция, практикалык сабактарды өтүү, студенттердин өз алдынча иштерин зачет, экзамендерде контролдоо менен чектелип, мамлекеттик экзамендерде студенттердин кесиптик көндүмдөрүнө (компеттенттүүлүгүнө) көңүл бурулбастан, эреже катары окуганын жана укканын эстеп

калуусу бааланып, текшерилет. Албетте, мына ушундай жол менен окутуу процессин уюштура берсек, биз заманбап мектепке иштөөгө даяр болгон сапаттуу мугалимдер менен камсыз кыла албайбыз. ЖОЖдо педагогикалык кадрларды даярдоо боюнча жаңыча мамилелерди эске алуу менен башталгыч класстын мугалимдеринин кесиптик деңгээлин жогорулатууга багытталган окутуу процессинде интерактивдүү окутуунун көбүрөөк киргизүү зарыл.

Биздин көз карашыбызда окуу процессинде төмөндөгү методдор жана ыкмалар колдонулушу керек.

- Лекциялык сабактарда “суроо –жооп” методун колдонуп, интерактивдүү проблемалык лекцияларды өткөрүү; лекциядагы талкуулануучу суроолорду алдын-ала студенттер тарабынан даярдалган кыскача презентациялар аркылуу ачып берүү;
- Практикалык сабактарда студенттер менен бирге кесиптик проблемаларды чечүүгө багытталган суроолорду талкуулоо, видео сабактардын фрагметтерин жана педагогикалык кырдаалдарды диспут, дискуссияларда талкулоо;
- Педагогдун креативдүүлүгүн жана активдүүлүгун жогорулатуучу кейс методун, ролдук оюндарды, мээге чабуулду колдонуу;
- Башталгыч класстын кесиптик компеттенттүлүгүн калыптандыруучу семинар-практикум, мастер класс жана тренингдик сабактарды өтүү;
- Интернетти, маалымат булактарын окуу процессинде пайдалануу максатында лекциялык жана практикалык сабактарда электрондук билим берүүчү ресурстарды жана мультимедиялык каражаттарды колдонуу;
- Практикалык сабактарда иммитация жана рефлексиянын элементтерин колдонуу;
- Объективдүүлүктү жана ишенимдүүлүктү камсыз кылган студенттердин жетишкендиктерин баалоонун жана контролдоонун жаңы ыкмаларын колдонуу;

Окутуунун активдүү методдору келечектеги адистерди интенсивдүү таанып билүү иш аракеттерине тартуу менен билимге, кесиптик көндүм адаттарга калыптандырабыз; мотивацияны жогорулатуу шартында өз алдынча чечимдерди кабыл алууга, окутуучу менен студенттин ортосундагы байланыштарды күчөтүү ж.б.

Башталгыч класстын мугалимдерин кесипке даярдоону ишке ашырууда окуу программаларынын мазмуну да негизги проблема болуп саналат. Акыркы жылдары изилдөөлөрдө окуу курстарындагы интегративдүүлүк жана анын мазмунундагы көп аспективдүүлүк жөнүндө айтылып келет. ЖОЖдо келечекте даярдалып жаткан башталгыч класстын мугалимдери адистигинде окулуп жаткан дисциплиналардын ортосундагы байланыш кесиптик –педагогикалык багытта жүргүзүлүшү керек. Предметтик дисциплиналарды (кыргыз тили, математика жана табият таануу ж.б.) студент окуп үйрөнүүдө башталгыч мектепте окулуп жаткан предметтердин мазмуну боюнча маалыматка ээ болуп, ал боюнча элестөөлөргө ээ болушу керек. Жалпысынан жождогу окуу процесси кесиптик-педагогикалык багытка байланышып, анын ичинде студенттер үчүн жазылган окуу-методикалык колдонмолордо чагылдырылуусу зарыл.

Башталгыч класстын мугалимдерин кесипке багыттоонун дагы бир маанилүү жолу мектептин инновациялык иш аракеттерине теориялык жана практикалык жактан даярдап, чыгармачыл жекече стилди өнуктүрүү.Буга байланыштуу ЖОЖдун окуу-тарбия иштериндеги студенттердин изилдөөчүлүк жана чыгармачыл иштерин өнүктүрүү негизги орунда турат.Студенттердин илимий-изилдөөчүлүк иштери заманбап мектептеги жаңы

теория менен практиканы көрө билип, андагы маселелерди чечүүнүн стандарттуу эмес жолдорун издеп табуу жана аны ишке ашыруу. Аны ишке ашыруу татаалдыгына жараша этап менен жүргүзүлөт, ал үчүн студенттер курстук жана бүтүрүүчү квалификациялык иштерди аткарууда окуу планындагы дисциплиналарды окуудагы изилдөөчүлүк иштерге жана чыгармачыл проектерди аткаруусу керек. Өзгөчө шарт катары мында студенттердин жекече өзгөчөлүктөрүн жана окуу-тарбия процессиндеги мүмкүнчүлүктөрүн эске алуу керек. Албетте, мындай башкарууда атайын программаларды иштеп чыгуу, ошондой эле таланттуу студенттерди инсандык-кесиптик өнүгүүсү үчүн жекече программаларды иштеп чыгуу зарыл.

Башталгыч класстардын мугалимдерин кесипке даярдоодогу проблемалардын бири студенттердин өз алдынча окуу көндүмдөрүн калыптандыруу.Бул проблеманы чечүүнүн негизги каражаттарынын бири болуп аралык жана жыйынтыктоочу текшерүүдөгү студенттердин өз алдынча иштеринин тапшырмалары дисциплинанын окуу-усулдук комплекстеринде жана электрондук ресурстарда берилүүсү.

**Жыйынтыктар жана талкуулар**. Башталгыч класстын мугалимдерин кесипке даярдоодо практикага багыттап даярдоо чоң резерв болуп саналат. Практикага багыттап даярдоону уюштуруусуз, заманбап окутууну модернизациялоонун милдетин ишке ашыруу мүмкүн эмес.Студенттерди педагогикалык практикага чыгарууда бир катар проблемалар жаралып келет, ошого карабастан ал проблемаларды ЖОЖ менен мектептин бирдиктүү иш аракетинин негизинде чечүүгө болот. Башталгыч билим берүү адистигин даярдап жаткан кафедралар мектептин окуу-тарбия иштериндеги жүргүзүлүп жаткан жаңылануу процесстери менен алдын –ала таанышып, студенттерди практикага багыттап даярдоосу зарыл. Мисалы: Башталгыч класстын окуучуларынын билим сапатын жогорулатуу максатында USAIDдин буга чейинки «Бирге окуйбуз» (2013-2017) жана «Келгиле окуйбуз!» (2017-2020) долбоорлорунда окуучулардын негизги окуу көндүмдөрүн өнүктүрүүгө өзгөчө көңүл бурулган, ал эми “Окуу керемет”(2020-2024) долбоору окутуунун сапатын жогорулатууга, окуучулардын мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүгө, аларды окуу процессине тартууга жеткиликтүүлүктү колдоого багытталган. Ошону менен катар окуучулардын математикалык функционалдык сабаттуулугун жогорулатуу боюнча алгылыктуу иштерди жүргүздү.

“Окуу керемет” долбоору сунуштаган беш модулдан турган башталгыч мектептин мугалимдеринин квалификациясын жогорулатуу программасында:

1. Башталгыч класста дифференцияланган окутууну колдонуу
2. Предмет менен тилди интеграциялап окутуу
3. Башталгыч мектепте балдар китебин пайдалануу
4. Башталгыч мектептеги чыгармачыл жазуу
5. Башталгыч мектептеги күн сайын жазуу каралып, анда окутуунун стратегиялары сунушталган.

Башталгыч мектепте дифференциациялык жана интеграциялык окутуу окуучулардын жекече өзгөчөлүктөрүнө жана муктаждыктарына жараша окутуудагы дифференциаланган мамилени киргизүү зарылчылыгынан пайда болгон. Дифференцияланган мамиле –бул жагымдуу жана оптималдуу шарттарды түзүү, алар негизги жана предметтик компеттенттүүлүктөрдү калыптандырууга, жөндөмдүүлүктөрдү

жана кызыкчылыктарды өнүктүрүүгө жана окуучулардын мотивациясын жогорулатууга түрткү берет.

Интеграцияланган окутуу предметтик жана предметтер аралык байланышты бекемдейт, ага ошондой эле башталгыч мектепте окуу, жазуу, математика, тилди жана башка предметтерди өздөштүрүүдө балдар адабиятынын кең палитрасын пайдалануу менен шартталат. Ар бир стратегиянын башталышында окутуу процессинде эмнени дифференциялоо маанилүүэкендиги көрсөтүлөт: мазмуну (программасы), окуу процесси (методдор, көнүгүүлөр, тапшырмалар), окуучулардын шыктануусун жогорулатууга түрткү болгон чөйрө жана баалоо форматы. Дифференцияланган окутууну колдонуу үчүн төмөнкү стратегиялар сунуш кылынат: “Бекет” боюнча орун алмашуу (ротация),Окурмандардын пикирлеринин тизмеси, Көп деңгээлдүү ташырмалар, Болжолдоонун ар кандай ыкмалары,Сөздөн сүйлөөгө, Текст түзөм, Адабий ийримдер, Сократтын семинары, РАФТ стратегиясы ж.б.

Учурда башталгыч мектептин тажрыйбасында жайылтылып жаткан долбоордун материалдарын иш берүүчүлөрдүн сунуштары аркылуу жождун окуу пландарына же окуу дисциплиналарынын мазмунуна киргизип окутуу талабы бар. Анын негизги максаты адистикти даярдап жаткан кафедралар менен мектептин бирдиктүү иш аракеттери аркылуу студенттердин кесиптик компеттенттүүлүктөрүн калыптандыруу.

**Корутунду.** Жогоруда айтылгандарга жыйынтык чыгаруу менен башталгыч класстын мугалимдерин кесипке даярдоодо студенттерге окутуунун интерактивдүү формаларын колдонуу, окуу дисциплиналарынын мазмунун мектептеги тажрыйбаларга таянып жаңыртып туруу,студенттердин педагогикалык чеберчилигин жогорулатуу үчүн жекече программаларды иштеп чыгуу, студенттердин өз алдынча иштеринин деңгээлин жогорулатуу, окутуу формасын практикага багыттап колдонуу жана студенттерге башталгыч класстын алдыңкы тажрыйбаларын үйрөтүү зарыл деп белгилейбиз.

**Колдонулган адабияттар:**

1.Глушкова М.Ю., Булатова В. А., Оморова А.А., Юсупова А.Д., Предмет менен тилди интеграциялап окутуу ЮСАИД “Окуу керемет!” долбоору –Б.: 2021.

2.Котова, С. А. Педагогика начального образования: [учеб. для студентов педагог. вузов] : Питер, 2017. - 332 с.

3. Панфилова А.П. Инновационные педагогические технологии:
Активное обучение: учеб.пособие для студ.высш.учеб.заведений / А.П. Панфилова. – М.: Издательский центр «Академия», 2009. – 192с.

4.Орозова Р. А., Эсенгулова М.М., Усупова М. К., Фадеева Г.Н., Юсупова А.Д. Башталгыч класста дифференцияланган окутууну колдонуу. ЮСАИД “Окуу керемет!” долбоору –Б.: 2021.

5.Хайрутдинова Р.Р. Современые проблемы профессиональной подготовки учителей начальных классов в вузе и пути их решения -2013г.